**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 07.18.578**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:94:342.725 (575.2)(043.3)**

**АЙТЫМБЕТ КЫЗЫ АЙГҮЛ**

# КЫРГЫЗСТАНДА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ (1985-2016-жж.)

Адистиги 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**БИШКЕК– 2018**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана этнология» кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Курбанова Назира Умаровна**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Джуманалиев Акылбек**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент **Бектемирова Айнагүл Кашкарбаевна**

***Жетектөөчү мекеме:*** А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык-педагогикалык институту, гуманитардык факультетинин тарых кафедрасы (723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Исанов көчөсү 73).

Диссертация 2019-жылдын 18-январында саат 14$^{00}$дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) жана окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.18.578 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а. Авторефераттын жана диссертациялык иштин толук тексти «arabaev.kg» сайтына жүктөлгөн.

Автореферат 2018-жылдын 18-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А.К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу**. Бүгүнкү күндө билим берүү дүйнөдөгү коомдук өнүгүүнүн орчундуу багыттарынын жана маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп калды. XXI кылымдагы коомдун талаптарын канааттандырган жана натыйжага жетишүүгө багытталган билим берүү тутумун курууда ар бир мамлекеттин өзгөчө жооптуулугу адам капиталын калыптандырууга жана адам дараметин жеке инсандын, коомдун кызыкчылыктарына иштетүүгө багытталган. Анткени, адамды өнүктүрүү маселесин анын мектепке чейинки курагынан баштап илимий-теориялык, тарыхый жана методологиялык жактан изилдөөнүн зарылдыгы, дүйнө коомчулугундагы билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы жана мамлекеттердин үзгүлтүксүз билим берүү системасына өтүү тенденциясы менен байланыштуу. Алсак, Бириккен Улуттар Уюмунда (БУУ) баланын укуктары жөнүндөгү Конвенцияны кабыл алгандан кийин, балалыкты коомдун социомаданий баалуулугу катары кайрадан карап чыгууга багытталган бир катар документтер кабыл алынган. БУУнун эл аралык конференциясында билим берүү маселесин талкуулоодо, бардык балдарга канааттандыраарлык деңгээлдеги билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү үчүн «башталгыч билим берүүнү камсыз кылуу боюнча жүргүзүлгөн ишмердикти үй-бүлөдө окутуу жана мектепке чейинки билим берүү менен байланыштыруу керек» деген негизги тапшырма коюлган. Себеби, бардык эле мамлекеттердин келечеги, коомдо адамды бала кезинен тарбиялоого кандай маани берилгендигинен, жаш муундардын турмушка даяр болуу деңгээлинен жана алардын социалдык багытынан көз каранды экендиги талашсыз. Демек Кыргызстандын келечеги дагы кандайдыр бир деңгээлде мектепке чейинки билим берүү системасынын сапатынан көз каранды.

Билим берүү жаатында чечүүчү укук жаратуучу фактор катары КР Конституциясынын жоболору эсептелет. Анда билим алууга болгон укук адамдын башка укуктарындай жана эркиндиктериндей эле мыйзамдуу жана ажырагыс укук катары каралат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жараянындагы баалуулуктарды, анын ичинде мектепке чейинки билим берүүнүн багытын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы, XX кылымдын 90-жылдарындагы коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр менен тыгыз байланыштуу. Мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо процессинде мурдатан калыптанып калган көптөгөн көз караштардын мазмунун өзгөртүүгө багытталган терең реформалоо жараяны Кыргызстанда 2000-ж. гана башталган.

Акырындап үзгүлтүксүз билим берүү системасына өтүү менен балдардын мектепке чейинки мекемелеринин социалдык статусунун өсүшүнө байланыштуу, алардын социалдык маңызына маани берип, кайрадан карап

чыгуу бүгүнкү күндө абдан актуалдуу. Мындан тышкары, биздин республикада бул система тарых илими тарабынан диссертациялык изилдөөгө алына элек, буга чейин ал көбүнчө педагогдордун, философтордун ж.б. социалдык илим өкүлдөрүнүн изилдөө обектиси болуп келген.

Ошондой эле, балдардын мектепке чейинки мекемелерин изилдөө маселеси энелерди иш менен камсыз кылуу, балдарды үй-бүлөсүз шартта тарбиялап, социалдаштыруу көйгөйлөрүн коомдун талабы менен байланыштыруу жаатында да өтө маанилүү. Андыктан мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жакынкы жана келечектеги өнүгүүсүн концептуалдуу талдоого алуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Билим берүү системасынын өнүгүүсү тигил же бул этаптарда ар дайым изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун туудуруп келген, себеби билим берүү коомдун маанилүү түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелет. Адамзат ар дайым билим берүү менен өз келечегин байланыштырып келген. Ошондуктан, күнүмдүк кыйынчылыктарга карабастан, Кыргызстан бүгүнкү күндө да турмуш сапатынын жана мазмунунун жакшыруусуна өз умтулууларын билим берүү менен байланыштырып келет.

Кыргыз Республикасынын билим берүү тутуму тарыхый баскычта кандай өнүгүп жаткандыгы, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү тутумунун маанилүү мүнөздөмөлөрүн таап чыгуу, анын азыркы абалын жана өнүгүүнүн келечектүү багыттарын аныктоо жана изилдөө актуалдуу тема катары маанисин жоготпойт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланыштуулугу.**

Илимий иш демилгелүү эмгек.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасы.

**Изилдөөнүн предмети** –Кыргызстандын өткөөл мезгилиндеги (1985-2016-жж.) мектепке чейинки билим берүү системасынын абалы.

**Илимий иштин изилденүү деңгээли** диссертациянын «Изилдөөнүн теориялык негиздери» деген параграфта ачылып берилди.

**Диссертациялык иштин максаты**

- Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү системасын талдоого алуу аркылуу анын өткөөл мезгилдеги негизги тенденцияларын, көйгөйлөрүн жана өнүгүү келечегин аныктоо.

Максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

- изилденип жаткан темага тарыхнаамалык талдоо жана тарыхый булактык негиздерин аныктоо;
- маселенин теориялык жана илимий-методологиялык негиздерин иликтөө;

• советтик жана постсоветтик Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системаларын салыштырмалуу талдоого алуу;

• XX кылымдын 90-жж. мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин санынын кескин азайышына өз таасирин тийгизген коомдук-саясий, социалдык-экономикалык факторлорду ачып көрсөтүү;

• азыркы шарттагы анын өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын, этаптарын, маңыздуу мүнөздөмөлөрүн аныктоо;

• жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында илимге негизделген тыянактарды чыгаруу жана азыркы шартта мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүү жолдорунун механизмдери боюнча сунуштарды берүү.

**Диссертациялык иштин жаңылыгы болуп төмөнкүлөр:**

1. Тарыхый булактардын жана архивдик материалдардын негизинде иликтенип жаткан маселени белгиленген хронологиялык алкакта тарыхый, социомаданий өнүттөн талдап чыгууга жана Кыргызстандагы анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө аракеттер жасалды.

2. Советтик жана постсоветтик мезгилдердеги мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүү көйгөйлөрүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү, тарых илиминин көз карашында жеткиликтүү эмес изилденген, мурда белгисиз болгон архивдик материалдар талдоого алынды жана илимий айлампага киргизилди.

3. Изилденип жаткан мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөр, тенденциялар көрсөтүлдү, аны модернизациялоонун механизмдери жолдору белгиленди;

4. Мектепке чейинки билим берүү эволюциясындагы советтик мезгилде топтолгон тажрыйбаларды азыркы шарттарда пайдалануу боюнча сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Коюлган милдеттерди ишке ашыруу максатында изилдөө методдорунун төмөндөгүдөй комплекси колдонулду: илимий монографияларды, мезгилдүү басма сөз материалдарын, булактарды жана архивдик булактарды изилдөө жана теориялык жактан талдоого алуу; фактылык материалдарды системалаштыруу жана жалпылоо ыкмасы; ар кайсы тарыхый этаптардагы мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүү; мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин өнүгүүсүнө таасирин тийгизген социалдык-экономикалык, этномаданий жана башка факторлорду эске алган ырааттуу талдоо.

Ошондой эле, изилдөөнүн жүрүшүндө мектепке чейинки билим берүүнүн жана тарбиялоонун өнүгүү жараяндарындагы көп кырдуулуктарды, тарыхый өнүгүүсүн ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Изилдөөнүн теориялык жана тажрыйбалык мааниси.** Иштин теориялык маанилүүлүгү Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүнүн негизги этаптарын аныктап, ушул жараяндын бирдиктүү картинасын түзгөндүгүндө турат; республикадагы балдар мекемелеринин негизги типтеринин ишмердигинин мазмуну менен аларды уюштуруунун өзгөчөлүктөрү аныкталды жана аларга салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү; Совет мезгилиндеги мектепке чейинки тарбиялоонун өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана социомаданий шарттар менен факторлор такталып, постсоветтик мезгилдеги анын кризистик абалы көрсөтүлдү; 2000-ж. баштап ушул мекемелердеги билим берүү жана тарбиялоо иштеринин уюштуруу формаларын жана анын негизги ыкмаларын модернизациялоонун тенденциялары ачылып берилди; республиканын мектепке чейинки билим берүү жаатындагы теориялык жана уюштуруу-тажрыйбалык көйгөйлөрү белгиленди; мектепке чейинки мекемелер үчүн кесиптик адистерди даярдоонун өнүгүү динамикасы көрсөтүлдү.

**Илимий иштеги фактологиялык маалыматтар, тыянактар жана сунуштар:**

- Бул изилдөө, республикадагы билим берүүнү демократиялаштыруу, гумандаштыруу жана модернизациялоо жараяндарын түшүнүүнү кеңейтет жана тереңдетет, ар түрдүү тарыхый мезгилдерде, ар түрдүү социомаданий шарттарда мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүнүн улантуучулук тажрыйбасындагы ырааттуулукту түшүнүүгө өбөлгө жаратат жана анын келечегине сереп салууга мүмкүндүк берет.
- үзгүлтүксүз билим берүү тутуму боюнча илимий эмгектерди түзүүдө, окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда жана окуу жайларда сабактарды окутуу тажрыйбасында колдонууга;
- мектепке чейинки билим берүү көйгөйлөрү менен алектенген билим берүү мекемелеринин, өкмөттүк эмес уюмдардын тажрыйбалык ишмердигинде пайдаланышы мүмкүн.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү системасынын калыптануу жана өнүгүү генезиси Советтер Союзундагы жалпы жана мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүү тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Анда мектепке чейинки баланы өнүктүрүү жаатында, азыркы мезгилдеги мектепке чейинки курактагы балдарды окутууда жана тарбиялоодо пайдаланууга мүмкүн жана керек болгон бай теориялык-тажрыйбалык материалдар топтолгон.

2. Советтик мезгилдеги мектепке чейинки билим берүүнүн жана өнүктүрүүнүн тенденциясынын туруктуулугунун эволюциясы материалдык-

техникалык базанын бекемдиги, тарбиялануучулардын контингентинин көбөйгөндүгү, балдардын тамак-ашынын сапатынын жакшыргандыгы, борбордоштурулган башкаруу, унификация менен катар улутка каршы саясатташтыруу жана орусташуу сыяктуу бир катар жагымсыз тенденциялар менен коштолгон.

3. Тарыхый материалдарды иликтөөдө өлкө турмушунда өзгөчө социалдык-экономикалык жана маданий кыйынчылыктар болуп турган мезгилдерде, мектепке чейинки ар түрдүү билим берүүчү жана коомдук тарбиялоо мекемелерин уюштуруу өзгөчө маанилүү экендигин тастыктаган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр изилдөөгө алган теманы 3 негизги этапка бөлүп кароого мүмкүндүк берди: 1) «эволюциялык-институционалдык»; 2) советтик мезгилден кийинки 1991-2000-жж. «өтмө-инерциялык»; 3) 2000-жылдардан башталган бүгүнкү күнгө чейин уланып жаткан «модернизациялоо жана реформалоо».

4. Балдардын билим берүү мекемелеринде, алардын жакындышуусуна багытталган биргелешкен оюн, окуу жана эмгек ишмердигинде, өз ара аракеттенүү жана баарлашуу процессинде инсанды социалдаштыра турган жана анын социалдык мүнөзүн калыптандыра турган социалдык мамилелердин микромодели түзүлөт. Коомдо социалдык мүнөзүнүн негизин калыптандыруу өзгөчө маанилүү, анткени социалдык айырмачылыктар тереңдөөдө, өз ара жоопкерчилик сезимдери алсыроодо. Азыркы Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасы балдардын социалдык, физикалык, психологиялык, интеллектуалдык калыптануусу менен байланышкан бир катар кызматтарды аткарат.

5. Мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү жеке эле аны каржылоо же билим берүү саясаты менен гана шартталган эмес, ал шаарларда жана айыл жерлеринде социалдык-экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүнүн мүнөзү катары, калк отурукташкан жерлердеги чарбалардын мүнөзү, географиялык жана аймактык мейкиндиктин өзгөчөлүктөрү сыяктуу анын өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизе турган тышкы факторлор менен да шартталган. Айыл жергеси репродуктивдүү жана демографиялык жактан активдүү болгону менен Кыргызстандагы айылдарда социалдык-экономикалык инфраструктуранын өнүгүшү чечилбеген татаал маселе бойдон калган.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** 1985-2016-жж. Кыргызстандын жаңы тарыхындагы эки мезгилди камтыйт. «Кайра куруу» доору катары белгиленген 1985-1990-жж. жана өткөөл мезгил (1991-2016-жж.). Алынган хронологиялык алкактардын тандалышы эки тарыхый паралелдерди салыштырууга мүмкүнчүлүк берди. Совет доорунун акыркы жылдарында Кыргызстан СССРдин курамында болгон, кийинки өткөөл мезгилде биздин

республика бир эле учурда татаал социалдык-экономикалык кризистик абалга жана жаны суверендүү шарттарга дуушар болушу, мектепке чейинки тарбиянын өнүгүшүнүн социалдык-тарыхый кубулуш катары анын динамикасында, ар кыл коомдук формацияларда, басып өткөн жолду өтө корректтүү баамдоого мүмкүнчүлүктөрдү берет.Чарбалык эсеп мамилелерин өнүктүрүү, өз алдынча каржылоо деген жана мектепке чейинки билим берүү системасындагы топтолгон оң тажрыйбаны курал катары колдонууга болот. Постсоветтик өткөөл мезгилдеги кризистин шартында карама-каршылыктар менен мүнөздөлгөн, реформалоо жана модернизациялоо процесстери менен коштолгон, мектепке чейинки билим берүү системасынын өнүгүүсүндөгү жаңы тенденцияларды салыштыруу жана изилдеп чыгууга шарт түзөт. Ошондой эле, өткөндөгү катачылыктарды кайталабоого, келечекти божомолдоого практикалык сунуштарды сунуштоого мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана натыйжалары бир нече эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларга макала же тезис түрүндө сунушталды. Ата мекендик жана чет өлкөлүк басмаларда 7 макала жарыяланды, алардын ичинен 3 макала Россиянын илимий журналдарында (РИНЦ) чыккан.

**Диссертациянын структурасынын көлөмү** 178 бет, кириш сөздөн, үч баптан, сегиз параграфтан, корутундудан, библиографиялык колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу тастыкталып, изилдөөнүн объекти менен предмети, максаты менен милдеттери, анын хронологиялык алкагы, методологиясы, илимий иштин жаңылыгы аныкталды, ошондой эле, коргоого сунушталуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү тууралуу маалыматтар көрсөтүлдү.

**“Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүгө тарыхнаамалык анализ”** деп аталган биринчи бапта теманын илимий – теориялык жана тарыхнаамалык негиздери ачылып берилди.

***“Изилдөөнүн теориялык негиздери”*** деген биринчи параграфта балдарды тарбиялоонун кыскача тарыхы жана ар кыл тарыхый доорлордогу, мамлекеттердеги балдарга билим берүү, ошондой эле мектепке чейинки билим берүү жаатындагы көптөгөн теориялардын ичинен дүйнөлүк практикада кеңири пайдаланылган жана Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тажрыйбасында ийгиликтүү жайылтылып келе жаткан негизги теориялар талдоого алынды.

Мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоонун дүйнөлүк тажрыйбасын карап көрсөк америкалык тарыхчы, психолог Б.Ф. Скиннердин (1904-1990-жж) «операнттык билим берүү теориясы» каралган жана анын маңызы балдарды жакшы жүрүш-турушу үчүн мактоо, терс жүрүш-турушу үчүн жазалоо; көрүнүктүү орус агартуучусу Н.И. Новикованын (1744-1818-жж) «гуманисттик теориясында» баланын акыл-эс жактан, нравалык, физикалык жактан гармониялуу өнүгүүсү тууралуу сөз болот; А. Маслоунун (1908-1970-жж) «талаптар пирамидасында» баланын талаптары ал үчүн маанилүүгү боюнча бөлүштүрүлөт; америкалык тарыхчы Дж.Р. Гаскейдин «кооперативдик окутуунун теориясында» мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптан окутуунун зарылдыгы тууралуу берилет; швейцардык психолог Ж. Пиаженин (1896-1980-жж) «оюн» жана «эмгек» теориясы (мектепке чейинки курактагы наристенин сүйлөөсүн, анын ой жүгүртүүсүн «оюн» жана «эмгек» аркылуу өнүктүрүү), англиялык спорт машыктыруучусу-педагог Дж. Якобсондун (1902-1979-жж) *терең билим берүү теориялары* (адистештирилген атайын балдар мекемелеринде) 3-4 жаштагы балдарды музыка, шахмат, спорт, бий аркылуу, немец окумуштуусу Э.Зильберман (1909-2000-жж) өзүнүн «Өкмөттүк тарбия» Концепциясында балдарга билим берүү үй-бүлөдө эмес, өкмөт тарабынан камсыз кылынышын зарыл экендигин сунуштаган.

Каралган теорияларды талдоо, мектепке чейинки тарбиялоонун баланын физикалык, өздүк жана инсандык өнүгүүсүнүн көп аспектүүлүгүн тастыктады. Арийне, көптөгөн классикалык жана заманбап теориялар мектепке чейинки билим берүүдө методологиялык негиз болууда. Бирок, тилекке каршы мектепке чейинки билим берүү тажрыйбасында алар көп пайдаланылбай келе жатат, алардын ичинен эң рационалдуусу кыргыз коомчулугунда аныктала элек.

Кыргызстандагы жаш балдардын социалдашуу процессин оптималдаштыруу максатында, анын инсандык сапаттарын өнүктүрүү үчүн балдарды биздин салттуу шарттарга, ийгиликтүү тарбиялоо тажрыйбасына ылайык көндүрүү керек, бул шарттарга ылайык кызыктуу технологиялардын болушу зарыл.

***“Мектепке чейинки билим берүүнү изилдөөнүн тарыхнаамасы жана тарыхый булактары”*** аттуу экинчи параграфта, булактар, нормативдик укуктук документтер талданып, советтик жана постсоветтик Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн жана тарбиялоонун пайда болуусу, калыптануусу жана өнүгүүсү тууралуу маалыматтар анализденген.

Булактык негиздер талдоого алынды: Кыргыз Республикасынын Конституцияларындагы билим берүүгө тиешелүү (1936, 1977, 1993, 2010), «Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенция», КРнын «Билим берүү

жөнүндөгү» мыйзамы, КРнын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндөгү» (2009-ж) мыйзамы жана башка укуктук-ченемдик документтер, ошондой эле мектепке чейинки билим берүү Стратегиясын иш жүзүнө ашырууга багытталган “Мектепке чейинки жаштагы балдарды тарбиялоо, билим берүү жана өнүктүрүүнүн базистик программасы”; КРнын Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга камкордук көрүүнүн мамлекеттик стандарты” (2012-ж), “Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын типтүү жобосу” (2012-ж), КР Өкмөтүнүн “Оор турмуштук кырдаалга туш болгон балдарды аныктоо шарттары боюнча жобо” Токтому (2015-ж) ж.б. Бул мыйзам булактарында мектепке чейинки тарбиялоодогу жетишкен жаңы теориялар жана алдыңкы тажрыйбалар эске алынган;

Ошондой эле булактык база катары КРнын Борбордук мамлекеттик архивинин, Борбордук мамлекеттик архивинин коомдук-саясий документация (ЦГАОПД), КРнын Билим берүү жана илим министирлигинин мектептерди жана мектепке чейинки билим берүү архивинин материалдары, КРнын Жогорку Кеңешинин билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитетинин укуктук-ченемдик документтери, КР Өкмөтүнүн Указдары, Статкомдун материалдары ж.б. негизги роль ойноду.

Орчундуу булактардын тобун ар кыл методикалык окуу колдонмолор, Бүткүл дүйнөлүк, Азия өнүктүрүү банктарынын колдоосу менен БУУ, ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ эл аралык уюмдардын, Community Development Alliance, мамлекеттик эмес коммерциялык уюмдар жана жарандык секторлордун маселеге тиешелүү ишке ашырылган долбоорлордун негизинде алынган илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары түздү.

Ишти жазууда баалуу методологиялык ролду атактуу педагогдор Я.А. Коменскийдин, К.Д. Ушинскийдин, Н.К. Крупскаянын ж.б. эмгектери түздү. Мектепке чейинки педагогика боюнча хрестоматия колдонулду. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү системасынын калыптанышы советтик мезгилде Советтер Союзунун баардык республикалары менен бирдей болгондуктан, советтик мектепке чейинки педагогиканын калыптанышынын тарыхын изилдешкен тарыхчылар Е.Н. Волкованын, Л.И. Красногорскаянын, Н. Виноградованын, Л.Н. Литвинанын эмгектери талдоого алынды.

Е.И. Волкова 1926-1950-жылдардагы мектепке чейинки тарбиянын тарыхын чагылдырып, ал мектепке чейинки тарбиянын уюштурулушун, белгиленген жылдарда дуушар болгон көйгөйлөрдү талдаган. Мектепке чейинки иштердин өнүгүүсү эл чарбасынын, маданияттын өнүгүүсү менен түздөн түз байланышта болоорун тастыктаган. Ошол эле учурда, ал ошол мезгилдеги ар бир баланы өнүктүрүү методикасында ар кыл илимдердин

медицинанын, биологиянын, психологиянын ж.б. бириктирүүнүн өзүнүн максаты катары койгон педогогиканы сынга алган.

Алгачкылардын бири болуп мектепке чейинки тарбиянын жана кадрларды даярдоонун калыптанып өнүгүшүн изилдеген Л.И. Красногорскаянын «Очерки развития дошкольного воспитания» деген эмгеги жазылган. Л.И. Красногорская ошол мезгилдеги мектепке чейинки педагогикадагы ар кыл агымдарга көлөмдүү орунду бөлгөн. Ал совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы тарбиянын максаты кандай аныкталгандыгын көрсөткөн, бирок кийинки жылдардагы максаттуу багыт берүүлөрдүн өзгөрүүлөрү толук кандуу аныкталбастан, социалдык-педагогикалык шарттары аз чагылдырылган.

XX кылымдын 90-жылдарында Советтер Союзунда мектепке чейинки билим берүүнү негизинен педагогдор менен психологдор гана изилдеген. Алар тарабынан балдар мекемелеринин өнүгүшүнө орчундуу салым кошулган жана мектепке чейинки жаш курактагылардын инсан катары калыптануусунун теоретикалык колдонмолору иштетилип чыккан. Мисалга алсак, В.С. Ледневанын, М. Ибукинин, Ф.Р. Кареген О. Штайнердин, Л.С. Выготскийдин изилдөөлөрүндө балдар бакчаларынын иш аракеттеринин мазмунун социалдык-инсандык тарбиялоого буруунун зарылчылыгын тастыкташкан. А.В. Субботинскийдин, А.В. Петровскийдин, С.А. Козлованын, В.М. Ивановanын изилдөөлөрүндө мектеп жашына чейинки балдардын турмуштук элестетүүлөрүн курчап турган социалдык чөйрө, адептик тарбияда мектепке чейинки мекемелер менен үй-бүлөнүн өз ара карым катнашы менен байытуу маселелери изилденген.

Ошол эле учурда мектепке чейинки билим берүүнүн тарыхын жана теориясын, СССРдеги өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн орус тарыхчылары А. Болдырев, Н. Вахрушин, А. Серенкова, Н. Улемов, М. Рукова изилдешкен.

Айтып кетсек, аталган советтик окумуштуулардын эмгектеринин өзгөчөлүктөрү болуп идеологиялык себептердин натыйжасында тарыхый чындыктар бир нече коздолуп, жетишсиздиктер жана кээ бир тарыхый фактылар жашырылгандыгында болгон.

Арийне, диссертациялык ишти жазууда ата-мекендик тарыхчылар А.Э. Измайлов, К. Каракеев, А. Каниметов, Ж. Бактыгулов жана башка окумуштуулардын эмгектери чон роль ойноду. А.Э. Измайловдун эмгектеринде советтик билим берүү системасынын калыптанышынын алгачкы кадамдары каралган.

К.К. Каракеев менен А. Каниметов 20-30-жылдардагы Кыргызстандагы, мектепке чейинки элдик билим берүүнүн калыптанышын кеңири чагылдырган. Дж.С. Бактыгулов, М.Р. Балтабаев, А.К. Карыпкулов, Э.Ж. Маанаев, К. Сартбаев эмгектеринде өнүккөн социализмдин шартындагы

мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүн, маданий-агартуу жана балдар мекемелеринин түзүлүш тарыхын изилдешкен.

Учурда мектепке чейинки билим берүүнүн маселелери билим берүү тутумундагы тармак катары ата мекендик окумуштуу-тарыхчылар тарабынан тиешелүү деңгээлде изилденбегендиктен Кыргызстандагы билим берүү системасын жалпы изилдеген тарыхчылардын эмгектерине тарыхнаамалык анализ жүргүзүлдү.

XXI кылымдагы Кыргызстандын жана дүйнөнүн билим берүү системаларын, андагы тенденцияларды, маселерди жана жүргүзүлүп жаткан реформаларды Т.А. Абдырахманов, мектепке чейинки билим берүүнүн көйгөйлөрүн Ж. Абдраева, жогорку педагогикалык билим берүүнүн проблемалары менен өнүгүү келечегин Курманали кызы Мира чагылдырса, ал эми Н.У. Курбанованын монографиясында дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине Кыргызстандын интеграцияланышынын процессин изилдөөсү каралган.

80-жылдардын экинчи жарымынан баштап маселелердин социалдык-педагогикалык, социалдык-экономикалык тараптарын изилдөөгө багыт алынган жана балдар мектепке чейинки мекемелеринин өнүгүү тарыхы, мектепке чейинки педагогиканын тарыхы М.Р. Рахимованын, Р. Зухритдинованын, Ш. Бегимкулованын, Г.А. Медведеванын диссертациялык изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

Педагогикалык өңүттө билим берүү системасындагы жалпы көйгөйлөр Н. Апсатарова, Ж.Т. Айтышова, М.Р. Балтабаев, Н. Календерова, А.Т. Калдыбаева, Г.Т. Карабалаева, М. Мамбеталиев, Т.А. Орусбаева, М.Р. Рахимова сыяктуу окумуштуу-педагогдор, Ж.М. Жумалиева, К.М. Кожогелдиева, Т.А. Конурбаев сыяктуу психологдорун эмгектеринде каралган. М.А. Абдыкеримова, Э.Т. Токсомбаева, Р.Т. Кадырбекованын эмгектеринде мектепке чейинки билим берүү мекемелери, бир жаштан алты жашка чейинки балдарга билим берүүдө, тарбиялоо негиздери чагылдырылган. Н. Орозканованын эмгегинде болсо, бөбөктөрдү окутуудагы мамлекеттик саясаттын ордун аныктоого аракеттер жасалган. Автор, билим берүү системасында кичинекей балдардын бөбөк мезгилинен баштап мамлекетти, Ата-мекенди сүйүү, алар үчүн жанын берүү идеяларынан башталаарын тастыктаган.

Белгилөөгө татыктуу болгон төмөнкү илимпоз-педагогдор И.С. Болджурова, Л.П. Мирошниченко, И.С. Рыскулуевалар өздөрүнүн эмгектеринде өлкөнүн билим берүү жаатынын өнүгүшүнө багытталган мамлекеттик саясатты талдоого алышкан.

Ошентип, изилденип жаткан маселеге карата кеңири тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн негизинде, Кыргызстандагы мектепке чейинки билим

берүүнүн өнүгүү тарыхы жана акыркы мезгилдерде пайда болгон ар түрдүү билим берүү мекемелеринин коомдогу орду азыркы учурга чейин тарыхчылар тарабынан тарых илиминин таануу объектиси катары илимий жактан атайын талдоого алынбаган деген тыянакка келдик.

Андан тышкары диссертацияда төмөнкү булактар:

- Газета, журналдардын беттеринде ачык колдонууга жарык көргөн макалалар, илимпоздордун жана ар кыл ведомстволордун мектепке чейинки билим берүү маселелери боюнча адисттердин көйгөйлөрдү чечүү боюнча идеялары жана практикалык сунуштары;
- мектепке чейинки билим берүүнүн стандарттары, маселеге тиешелүү ишке ашырылган долбоорлордун материалдары, жаш курактагы балдар үчүн хрестоматиялар, окуу-усулдук колдонмолор;
- акыркы жылдардагы дүйнөлүк ааламдашуунун шартындагы, илимий - методологиялык материалдарды камтыган Интернет ресурстары, Билим берүү жана илим министирлигинин расмий сайттарынын материалдары кеңири колдонулду.

**«Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн калыптанышы жана өнүгүшү»** деп аталган экинчи бапта совет мезгилиндеги Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн калыптануу жараяны, мектепке чейин билим берүү мекемелеринин кадрлар менен камсыздалышы жана кайра куруу мезгилиндеги абалы изилденген.

***«Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүнүн калыптанышы»*** деген биринчи параграфта, бүгүнкү күндөгү мектепке чейинки билим берүүнүн абалын жана өнүгүү тенденцияларын талдоого алуудан мурда Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн тарыхы Совет доорунда башталгандыгын тарыхнаамалык булактар менен тастыктап, калыптануу тарыхын ачып берген.

Совет бийлигинин биринчи күнүнөн тартып чыныгы элдик билим берүү жана тарбиялоо тутумун түптөө боюнча кызуу иш-аракеттер жүргөн. 1917-жылдын 9-ноябрында ВЦИКтин жана Совнаркомдун Декрети менен эл агартуу боюнча Мамлекеттик комиссия түзүлгөн, анын курамына мектепке чейинки балдарды тарбиялоо жана жардам берүү бөлүмү кирген.

Мамлекеттик жаш балдарга билим берүү системасынын башаты катары 1917-жылдын 20-декабрында кабыл алынган “Мектепке чейинки тарбия Декларациясын” белгилесек болот. Бул Декларацияда советтик мектепке чейинки билим берүүнүн негизги принциптери жана акысыз билим берилиши көрсөтүлгөн. Совет бийлиги орногондон кийин көптөгөн кыйынчылыктарга, бүлгүнгө жана ачкачылыкка, каражаттардын, жабдуулардын жана атайын кадрлардын жоктугуна карабастан өлкөнүн булуң-бурчтарында мектепке чейинки мекемелер ачылган.

Кыргызстанда мектепке чейинки мекемелердин жаралышы элдик педагогика идеясынын негизинде калыптанган үй-бүлөлүк тарбиялоодон коомдук мектепке чейинки тарбиялоого өтүү процесси менен шарттальп, Пишпек, Пржевальск, Нарын, Токмок шаарларында алгачкы бала бакчалардын ачылышы менен ишке ашкан. Бул мезгилде аялдарды ишке тартуу максатында бийлик тарабынан алардын мектепке чейинки курактагы балдары үчүн бала бакчаларды уюуштуруу маселеси каралган. Калктын көпчүлүк бөлүгүнүн сабатсыздыгын жоюу жана кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү максатында курстарды уюштуруу кеңири жайылтылып, каржыны аз өлчөмдө сарптоо менен бала бакчалардын кызматкерлерин кыска мөөнөттө даярдоо мүмкүнчүлүк түзгөн.

Андан ары мектепке чейинки мекемелердин сандык өнүгүү тенденциясы белгиленген. Эгерде 1926-жылы Кыргызстанда 5 балдар бакчасы болсо, 1936-жылы 134, 1940-жылы 197 болгон. 1926-жылдан 1936-жылга чейин мектепке чейинки мекемелердин саны 40% көбөйгөн.

Ал эми Улуу Ата мекендик согуш жылдары ден соолугу начар майда балдар үчүн жаңы типтеги мектепке чейинки мекемелер – санаториялык бала бакчалар, ал эми жетим балдар үчүн – мектепке чейинки балдар үйлөрү түзүлгөн. Совет мезгилиндеги мектепке чейинки билим берүүнүн материалдык –техникалык негиздеринин калыптанышы абдан татаал жана машакаттуу жолду басып өткөн.

Директивалардын негизинде 1959-жылы эң алгачкы ясли-балдар бакчалары ачылган. Ошентип, мектепке чейинки билим берүү системасынын жогорку деңгээлде өнүгүшү 50-80-жылдарга туура келген. Кыргыз Республикасынын жетекчи органдары 1960-жылдан баштап бардык бешик үйлөрдү саламаттыкты сактоо органдарынын карамагынан аларды бала бакчалар менен бириктирип, бирдиктүү «бешик үй-бала бакча» тарбиялык мекемелерин түзүү максатында эл агартуу органдарына өткөрүп берүүнү чечкен. Бул кабыл алынган чечимдер 60-80-жылдары чоң натыйжаларды көрсөткөн.

Ошентип, совет мезгилинде мектепке чейинки мекемелер пайда болуп өнүгө баштаган жана бул мекемелердин максаты балдарды атуулдук жана инсандык жактан туура тарбиялоо менен социализмди куруу үчүн келечектеги муунду калыптандыруу болгон. Мектепке чейинки билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын ишке ашырылуусуна көзөмөлдү аткарууда негизги ролду совет мамлекетинде партиялык бийлик аткарган.

***“Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин кадрлар менен камсыздалышы”*** деген экинчи параграфта мектепке чейинки билим берүү тармагындагы кадр маселеси эң орчундуу маселелердин бири экендиги каралган. Коомдук турмуштагы социалдык-экономикалык мамилелердин

өнүгүшү, өз кезегинде, мектепке чейинки билим берүү системасын өркүндөтүүнү жана ошол тармактагы билимдүү адистердин даярдалышын талап кылган.

1924-жылы 25-октябрда Кыргызстанда билим берүү системасы үчүн педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн Агартуу институту ачылып, алгачкы жетекчиси болуп педагог Петр Юдахин дайындалган. Кыргыз агартуу институту Кыргызстанда педагогикалык билим берүүнүн башатында туруп, кыргыздардын улуттук интеллигенциясынын жүздөгөн таланттуу жаш кадрларын даярдап чыгарган.

Андан ары педагог адистерин даярдаган курстарда окуу иштерин жүргүзүү оңойго турбагандыгы, жогорку квалификациялуу жергиликтүү адистер жана педагогдор жокко эсе болгондугу, бул көйгөй жергиликтүү калк менен иштөөдө кыйынчылыктарды жаратхандыгы каралды.

Жаңыдан ачылган мектепке чейинки балдар мекемелерине кадр жетишпегендиктен аргасыздан тарбиячы катары тиешелүү педагогикалык даярдыгы болбогон адамдарды кабыл алышкан. Ал болсо бала бакчалардын тарбиялык иштеринин натыйжаларына терс таасирин тийгизген. Бул белгиленгендер Кыргызстандын тарбиячыларынын канааттандыраарлык эмес жалпы билим берүүчү жана атайын даярдыктары элге билим берүү органдарына тарбиячылардын квалификациясын жогорулатуу курстарына өзгөчө көңүл буруулары керектигин кабарлаган.

Билим берүү системасында иштөөгө жергиликтүү калктын арасынан кадрларды даярдоо үчүн орто жана жогорку окуу жайларын түзүү процесстери изилденди. 20-жылдардын башында Наркомпросстун мектепке чейинки билим берүү бөлүмү кабыл алынган “Балдардын мектепке чейинки мекемелери боюнча Жобосу” педагогикалык кадрлардын жетишсиздигинен иш жүзүнө ашпай калган. Бул документ мектепке чейинки билим берүүнүн жалпы принциптерин, балдар мекемелеринин уюштурулушу, балдардын физикалык өнүгүүсү, тарбия иштерин оюн, эмгек, акыл иш аракеттерин уюштуруу менен музыкалык окутууга алгылыктуу көнүл бурулган.

1940-жылдардан баштап Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү үчүн адистердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жаны система жана тарбиячыларды даярдоо үчүн атайын орто окуу жайлары калыптана баштаган.

1945-жылы башталгыч класстын мугалимдерин даярдаган кыз-келиндердин педагогикалык училищеси түзүлүп беш жылдан соң институт макамын алган, 1952-жылы өкмөттүн чечими менен кыз-келиндер педагогикалык институтуна В. Маяковскийдин аты берилген жана 1963-жылы педагогика жана психология кафедрасы ачылып, ал кафедра бүгүнкү

күнгө чейин ийгиликтүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат (учурда И. Арабаев атындагы КМУ).

Мектепке чейинки тармакты өнүктүрүү жана бекемдөө согуштан кийинки жылдары педагогикалык иштерди уюштурууну орнотуу менен айырмаланат анда негиз катары советтик мектепке чейинки билим берүү алынат. Контролдоо функциясы жана координациялоо ишмердүүлүгү мектепке чейинки билим берүүнүн кызматкерлерин көзөмөлдөө республикалык билим берүүнүн өкүлчүлүктүү органдарына караштуу мектепке чейинки билим берүү бөлүмдөрүнө жана методикалык кабинетке ыйгарылган. Буга катар мектепке чейинки билим берүү кызматкерлеринин даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу (курстар, педучилищаларда жана сырттан окуу, методикалык уюмдар ж.б.) боюнча институттардын саны көбөйгөн. Ошол эле учурда алардын иш алып баруу талаалары кеңейген. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүүдө алгылыктуу жана келечектүү болуп мектепке чейинки тарбиячылардын, коомдук жана чарбалык уюмдардын (колхоз, совхоз, айыл-өкмөтү) жана ата-энелердин аракеттерин тажрыйбаларын бириктирүү болгон.

Учурда (2015-2016-жылдагы маалыматтарга ылайык) мектепке чейинки билим берүү системасындагы сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр аймактар боюнча талдого алынды

Жалпы, Кыргызстанда 1062 балдар бакчасы бар. Областар боюнча алып карасак, бул маалыматта кээ бир областардын статистикалык маалыматтары толук эмес.

Биринчи орунда *Ош обл.* турат, 273 бакча иштейт, аларда 12888 бала тарбияланат, жалпысынан 874 тарбиячы эмгектенет, анын ичинен, 475 – жогорку билимдүү (54,3%), 155-бүтпөгөн жогорку (17,7%), 170-атайын орто (19,4%), 74-жалпы орто билими менен (8,4%).

Андан ары *Жалалабад обл.* 216 мектепке чейинки мекемелер иштейт 19445 бала тарбияланат, аларда 1037 тарбиячы эмгектенет, алардын ичинен 360-жогорку (34,7%), 77-бүтпөгөн жогорку (7,4%), 337–атайын орто (32,4%), 263- жалпы орто билими менен (25,3%).

Үчүнчү орунда *Чүй обл.* турат, 130 мектепке чейинки мекеме бар, аларда 17795 бала тарбияланат, аларды 736 тарбиячы тарбиялайт.

*Нарын обл.* 115 балдар бакчасы жалпысынан 7257 баланы камтыйт, алар менен 476 тарбиячы эмгектенет.Тарбиячылар 261-жогорку (54,8%), 60-бүтпөгөн жогорку (12,6%), 127-атайын орто (26,7%) жана 28-жалпы орто билими (5,9%) билимдүү.

*Бишкек ш.* 30016 баланы камтыган 82 балдар бакчасы иштейт, бул бакчаларда 1175 тарбиячы эмгектенет, 878- жогорку (74,7%), 70-бүтпөгөн жогорку (6%), 159 -атайын орто (13,5%) жана 68-жалпы орто билими менен (5,8%).

*Ысык-Көл обл.* 73 балдар бакчасы бар, анда 11984 баланы 546 тарбиячы тарбиялайт, алардын 311-жогорку билимдүү (57%), 43 бүтпөгөн жогорку (7,9%), 175- атайын орто (32%) жана 17 -жалпы орто билими менен (3,1%).

*Баткен обл.* 67 балдар бакчасы иштейт. 10034 камтыган балдарды 462 тарбиячы тарбиялайт, 251-тарбиячы жогорку билимдүү (54,3%), 49-бүтпөгөн жогорку (10,6%), 107-тарбиячы атайын орто (23,2%) жана 55 жалпы орто билим менен (11,9%).

*Талас обл.* 49 балдар бакчасында 6931 бала тарбияланып, аларда 390 тарбиячы эмгектенген, 232- жогорку (59,5%), 54- бүтпөгөн жогорку (13,9%), 82 атайын орто (21%) жана 22 жалпы орто билими менен (5,6%).

*Ош ш.* 39 балдар бакчасында 13397 бала тарбияланып, 444 тарбиячы бар, алардын 344- жогорку билимдүү (77,5%), 27- бүтпөгөн жогорку (6%), 73- атайын орто билими менен (16,5%) иштешет.

Азыркы убакта Кыргызстанда педагогикалык колледждерде адистерди даярдоо жүрүп жатат, ал окуу жайларда 3-4 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү менен мектепке чейинки билим берүүнүн да кызматкерлерин, педагогикалык институттарда, университеттерде бакалавр жана магистратура системасы боюнча квалификациялуу адистер даярдалат, ошондой эле ал жерлерде адистер кыска мөөнөт ичинде (2-3 жумадан 2 айга чейин) өз квалификацияларын жогорулатуу менен бирге кайрадан даярдоодон өтүшөт.

Ал эми ***“1985-1990-жж. мектептке чейинки билим берүүнүн абалы”*** деген параграфта кайра куруу саясатынын натыйжасындагы коомдогу саясий-экономикалык абал жалпы эле билим берүү тутумун, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү тармагын дагы түп тамырынан бери кайра карап чыгуу зарылчылыгын жараткандыгы каралды.

Ошондой эле 1985-жылдардан баштап мектеп жашына чейинки балдарды окутуу жана тарбиялоо Программасы мамлекеттик стандарт катары кабыл алынып, бардык мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде мониторинг жүргүзүлгөн. Бул мезгилдерде баланын өздүк сапаттарына жараша билим берүү модели иштей баштагандыктан, өзгөчө мүнөзгө ээ болгон балдарды атайын кеңейтилген программанын негизинде мектепке даярдоо боюнча балдар мекемелери ачылып, мындай мекемелерде балдардын руханий дүйнөсүн өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалган.

XX кылымдын 80-90-жылдары, өзгөчө ушул он жылдыктын экинчи жарымында балдарга мектепке чейинки мекемелеринде “бүтүндөй коомдо жүрүп жаткандай эле догматизмден, сенек мезгилден бошонуп чыгуу жолдорун издөө процесстери” улам активдештириле баштады. 90-жылдардан баштап бул тенденциялар чегине жетип, Кыргыз Республикасынын көз каранды эместиги шартында улуттук мамилелерди да камтыган демократташтыруунун улам кеңейип бараткан толкунуна айлангандыгын профессор М. Рахимова белгилеп кеткен.

Кайра куруу саясаты мамлекеттин экономикалык чөйрөсүндө башталгандыктан, ишканалар, айыл чарба өндүрүшү, транспорт, билим берүү системасы ж.б. бардыгы өз алдынча каржылоо системасына өткөрүлгөн. Ошого байланыштуу 1988-1989-жылдары СССРдин курамындагы Кыргызстанда да жаңы кырдаал түзүлгөн. Жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформалар республиканын өнөр жай ишканаларынын дээрлик бардыгына өзүн-өзү каржылоо системасынын киргизилиши, өнөр жайды оор абалга дуушар кылып, натыйжада бүт өндүрүштү кризиске учураткан. Бул абал мектепке чейинки билим берүү системасына дагы терс таасирин тийгизген, б.а. каржылоо үзгүлтүккө учураган, анын негизинде маяналар, оңдоп түзөө иштери ж.б. көйгөйлөрдү жараткан.

**«Эгемендүү Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү тармагынын абалы»** аттуу үчүнчү баптын ***"XX кылымдын 90-жылдарындагы мектепке чейинки билим берүүдөгү көйгөйлөр"*** деген биринчи параграфында изилдөөгө алган маселенин аныкталган мезгилдеги абалы талдоого алынды. Суверендүү мамлекет катары коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кайра түзүлүүлөрү татаал жана кыйын шарттарда өтүп, мектепке чейинки билим берүү тармагында дагы көйгөйлөрдү пайда кылды.

Изилдөөгө алган талдоолор 90-жылдардагы мектепке чейинки билим берүү системасындагы кризисти талдоонун натыйжасында эгемендүүлүктү алган мезгилдин баштапкы он жылдыгында билим берүү системасында мектепке чейинки балдар мекемелерине көңүл бурулбай калгандыгын жыйынтыктоого түрткү болду. Өлкөдө экономикалык кризистин орун алышынан, калктын социалдык абалы кескин начарлаткандыктан Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү тармагы зыянга учураган. Завод-фабрикалардын, колхоз, совхоздордун ж.б. ишканалардын, ведомстволордун жабылып калышы, социалдык-маданий тармактын жана ошондой эле билим берүү системасынын рынок мамилелерине өтүп кетиши бардык ведомстволук балдар мекемелеринин жабылып калышына өбөлгө түзгөн. Мисалга, 1989-жылы Кыргызстанда 1676 мектепке чейинки билим берүү мекемелери болсо, 1993-жылы алардын саны, 998 ге чейин кыскарган. 2009-жылы бул мекемелердин саны 594 түзүп 4 эсеге азайган. Ошондой эле 1991-2010-жылга чейин бул чөйрөнү каржылоо кескин түрдө кыскарган.

*Экинчи параграф* ***«Мектепке чейинки билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын жүргүзүлүшү»*** *деп аталып,* Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүнү калыбына келтирүү боюнча алгылыктуу иштер мамлекеттик деңгээлде 2010-жылдан кийин башталгандыгы жана бул жараян бир нече факторлор менен шартталгандыгы изилденген.

Биринчиден, 2009-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдын ишке киргизилиши, анын негизинде бир нече жаңы укуктук-ченемдик документтерди даярдап, кабыл алууга түрткү болду; экинчиден 2010-жылдын 7-апрелинде Кыргызстанда болуп өткөн ыңкылаптын натыйжасында коомдо социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөр түзүлдү; үчүнчүдөн, Жогорку Кеңештин депутаты К.Осмоналиев тарабынан демилге көтөрүлүп, депутаттардын колдоосу менен мыйзамсыз менчиктештирилип кеткен имараттарды кайра бала бакчаларга айлантуу чечими кабыл алынган; төртүнчүдөн, мамлекеттик билим берүү системасы жаңы дүйнөлүк тенденциянын талаптарына ыңгайлаша баштаган.

Кыргыз Республикасында билим берүү жаатында чечүүчү укук жаратуучу фактор катары КР Конституциясынын жоболору эсептелет. Конституциядан сырткары 2012-жылы Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн багытын аныктаган бир катар документтер кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы реформалардын негизинде балдар мекемелеринин санын өнүктүрүү болгон. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2015-жылдын 14-апрелиндеги №212-Токтомунун негизинде КР Салык кодексине өзгөртүү киргизилген. Анын негизинде 362-беренесине ылайык жеке мектепке чейинки мекемелери салыктан бошотулган. Өкмөттүн жеке бала бакчаларды салыктан бошотуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мектепке чейинки мекемелердин атаандаштык моделдерин ачуу жана көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн түздү. Мыйзамдык актылардын негизинде мектепке чейинки билим берүү мекемелерин материалдык–техникалык базасын каржылоо жана камсыз кылуу боюнча иш пландарды иштеп чыгып, балдар бакчаларынын толук кандуу билим берилишине аракеттер көрүлгөн.

Дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбалар эске алынып билим берүүнүн сапатын бүгүнкү күндүн талаптарына жооп берүү максатында мектепке чейинки билим берүү Стратегиясын ишке ашыруу приоритеттүү багыттардын бири экендиги белгиленген. Балдар мамлекеттин келечеги болгондуктан, мектепке чейинки билим берүү системасы коомдун өнүгүшүнүн маанилүү көрсөткүчү катары мектепке чейинки билим берүү системасына мамлекет кандай камкордук көрсө, коомдун эртеңки келечеги, потенциалы, өнүгүшү ошого жараша болоорун мезгил тастыктады.

***“Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасындагы жүргүзүлгөн реформалар жана анын натыйжалары”*** деген үчүнчү параграфта бул тармакты реформалоонун жыйынтыктары талданды. Мектепке чейинки билим берүү системасын реформалоо маселеси 2000-жылдардын башында гана жүзөгө ашырыла башталган, анткени XX

кылымдын акыркы он жылдыгы стагнация жана инерциялык кыймылда болгон.

КР Президентинин буйругу менен бекитилген мамлекеттик билим берүү программалары «Аракет», «Билим» (1996), «Жеткинчек» (1999) билим берүүнүн өнүгүшүнө түрткү болгон. 2000-жылдан баштап КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан пилоттук негизде ишке ашырылган мектепке чейинки билим берүүнүн алгылыктуу альтернативдик программаларынын дагы бири – бул «Кичи курактагы балдарды өнүктүрүү» долбоору болгон.

2009-жылы билим берүүнү өнүктүрүүнүн Стратегиялык Концепциясына ылайык КРнын Билим берүү министрлигинин балдарды мектепке даярдоонун 240 сааттык программасы Бүткүл Дүйнөлүк банк аркылуу каржыланып ишке ашкан. Ошондой эле, 2010-жылдан баштап «Билим берүү максатында глобалдык өнөктөштүк» долбоорунун алкагында даярдалган 480 сааттык программа «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» КР мыйзамына жана КР «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыккан жана ал боюнча мектепке чейинки билим берүүчү мекемелерге усулдук колдонмолор сунушталган.

Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин тибинин көп түрдүүлүгү анын туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү шарт болуп саналат. Өзгөчө баалуу болуп ар түрдүү режимде иштегендиги эсептелет, албетте бул ыкма советтик мезгилде да тажрыйбаланган. Себеби ата-энелердин иштегенине байланыштуу, мындай бала бакчалардын зарылдыгы көптөгөн маанилүү социалдык-педагогикалык маселелерди ийгиликтүү чечүүгө жол ачкан. Реформаны толук кандуу ишке ашыруу учурунда негизги көйгөй – бул мезгилдин талабына ылайыкталып түзүлгөн жаңы типтеги бала бакчаларды ачуу жана аларды каржылоо маселеси болгон. Мындан сырткары, Кыргызстанда мамлекеттик бала бакчалар менен эл аралык уюмдардын ортолорунда кызматташуу тажрыйбасы жайылтылган. Реформалоо процессинде көптөгөн пилоттук долбоорлор эл аралык донорлор тарабынан каржылык колдоого алынып ишке ашырылган. Алардын ичинде “Энелер мектеби”, “Жайкы даярдоо”, Кадам артынан кадам”, “Инклюзивдик билим берүү” (“Сорос-Кыргызстан ББФ), “Балдарды сактагыла”, “Көп тилдүүлүк” (КРда Улуу Британиянын элчилиги) ж.б. бар.

Диссертацияда мектепке чейинки инклюзивдүү билим берүүнүн программасын ишке ашырууга да басым жасалып, бир катар дефектиси бар же оор майып балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүүгө да көңүл бурулду. Ошондой эле ЮНЕСКО жана Ага Хан фонду аркылуу Баткен, Нарын, Алай, Ош жергелеринде пилоттук жайлоо бала бакчалары апробацияланган.

Сабактар боз үйлөрдө түрдүү жаштагы балдарга өтүлүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кызмат акылары төлөнүп берилип турган. КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча пилотттук долбоорлоонун башкы маселеси бала бакчалардын көрсөткүчү шаар жергесинде 25% жана айыл жергесиндеги 5% түзүп, булардын айырмасы 20% ды түзгөндүктөн, таңсыктыгын азайтуу болгон.

Чет өлкөлүк ар кандай өнөктөш уюмдардын, фонддордун каржылыгынын эсебинен Кыргызстанда 340 балдар бакчаларында оңдоп түзөө иштери жүргүзүлсө, 180 мектепке чейинки мекемелерди курууга каражаттар бөлүнгөн. Эл аралык донорлордун колдоосу аркылуу ошондой эле вариативдик үй-бүлөлүк, смендик ж.б. балдар билим берүү мекемелери ачылган. Алар үчүн типтүү *парцалдык, вариативдүү, альтернативалык, инклюзиялык* билим берүү программалары иштелип чыгып сунушталган. КР Президентинин Указы менен “Балдарды коргоо жана колдоо” (2007) балдар мекемелерин кайтаруу иш чаралары жүргүзүлгөн, анын натыйжасында 464 балдар мекемелери сатылып алынып, имараты мамлекетке кайтарылып берилген. Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасынын 2000-жылдардагы абалы республикадагы аталган системада жүргүзүлгөн реформалардын негизинде бир кыйла жакшыргандыгын байкаган. Албетте жүргүзүлгөн реформалар кандайдыр бир деңгээлде өз натыйжасын берди, бирок учурда өлкөдө мектепке чейинки балдарга билим жана тарбия берүү маселесинде али чечилбей жаткан көп көйгөйлөр бар экендиги тастыкталат.

Ошентип изилдөө процессинин негизинде төмөндөгүдөй **корутундулар** чыгарылды:

Диссертациялык иште, тарыхнаамалык изилдөөнүн негизинде, хронологиялык алкакта алынган советтик жана постсоветтик Кыргызстандагы мектепке чейинки мекемелердин өнүгүүсүнүн 3 негизги этабы аныкталды. 1) «эволюциялык-институционалдык» (1985-1990-жж.); 2) «өткөөл-инерциялык» (1991-2000-жж.); 3) 2000-жылдардан башталган бүгүнкү күнгө чейин уланып жаткан «модернизациялоо жана реформалоо” мезгили .

ЮНЕСКО тарабынан үлгүлүү, көрсөтмөлүү деп таанылган “Эволюциялык-институционалдык” мезгилде, XX кылымдын 90-жылдарында мектепке чейинки билим берүү өзүнүн өнүгүүсүндө сандык жана сапаттык жактан жогорку көрсөткүчкө жеткен. Бул мезгилди мектепке чейинки тарбиянын жана билим берүүнүн абалын туруктуу өнүгүү тенденциясынын эволюциясы деп эсептесек болот, себеби материалдык-техникалык базасынын бекемделиши, тарбиялануучулардын контингентинин өсүшү, балдарга берилген тамактын жогору сапаттуулугу, башкаруунун борбордоштурулушу,

унификацияланышы, ошол эле учурда терс улутташтыруунун бузулушу, саясатташуусу жана орусташуу тенденцияларынын болушу мүнөздүү болгон.

«Өткөөл-инерциялык» деп аталган 1991-жылдан 2000-жылга чейинки мезгил мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин социалдык-экономикалык кризис шарттарында мурунку топтолгон тажрыйбалардын негизинде инерциялуу иштеши катары мүнөздөлгөн. Бул мезгил мектепке чейинки билим берүү объектилеринин кескин кыскарышы, борборлоштуруунун жоюлушу, идеологиянын жокко чыгарылышы, мамлекет тарабынан каржылоого мүмкүн болбой калган шартта ведомстволук балдар мекмелеринин (колхоздук, совхоздук ж.б.) жабылышы сыяктуу көрүнүштөр менен коштолгон.

Реформалардын жана инновациянын негизинде жүргүзүлгөн 2000-жылдардан башталган бүгүнкү күнгө чейин уланып жаткан «модернизациялоо жана реформалоо» үчүнчү этабы мектепке чейинки билим берүү жаатында эл аралык уюмдардын (АБР гранты, Япония, Улуу Британия ж.б. донорлор) каржылык колдоо аркасында башталган. Бул этап реформалаштыруу, вариативдүүлүк, модернизациялоо, вариативдүү программаларды түзүү, жамааттык, сменддүү, кыска мөөнөттүү, инклюзивдүү, муниципалдык ж.б. типтеги балдар бакчаларынын ачылышы менен байланыштуу болгон.

Учурда коомдун өнүгүүсүндө жаны приоритеттүү мамлекеттик билим берүү саясаты Кыргызстандын бардык аймактарында ишке ашырылууда. Инсандын этноулуттук керектөөлөрүн жана өздүк керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн вариативдүү жалпы билим берүү мекемелери уюшулууда. Арийне, ар бир коомдун келечеги жаш муундун турмушка канчалык деңгээлде даярдалышынан, социалдык багыттуулугунан, адамды жаш чагынан тарбиялоого коом канчалык маани береринен көз каранды. Ушул өңүттөн алганда, маанилүү иш-чара мектепке чейинки билим берүүнүн бир жактуу өнүгүүсүнө, ар түрдүү мүнөздөгү социалдык факторлордун жана керектөөлөрдүн, социалдык-экономикалык, маданий, географиялык, этнодемографиялык шарттардан келип чыккан кескин айырмачылыктарга жол берилбешине багытталган.

Коомдун ар кыл чөйрөлөрүн азыркы цивилизацияда аялдардын толук кандуу катышуусуз элестетүү мүмкүн эмес. Балдар бакчалар аялдарды коомдук эмгектен бошотпостон гана, алардын социалдык статусун, өздүк жана инсандык өнүгүүсүн колдойт жана шарт түзөт.

Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоодогу салттуу маданияттын муундан муунга өтүшү тарыхый-маданий нормалардын эсепке алынышына, педагогикалык процесстин этномаданий багыттуу мазмунуна, бүтүндүк, үзгүлтүксүз педагогикалык системаны түзүү, тарбиялоочу күчтөрдүн

бириктирүүнүн негизинде билим берүүнү заманбап тенденциялар менен модернизациялоого өбөлгө болот. Азыркы учурда, мектепке чейинки мекемелердин сапаттуулугун арттыруу өткөн мезгилдеги жетишкендиктерди, социалдык жылыштарды эске алуу менен аялдардын жана эркектердин эмгек чөйрөсүндөгү тең укуктарынын корголушу аркылуу кеңейтүүгө шартталган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Жогоруда келтирилген тыянактарга таянуу менен төмөнкү *практикалык сунуштарды* берүүгө болот:

- Ар тараптуу экономикалык кризисти өткөрүп жаткан өткөөл мезгилдин шарттарында баланы тарбиялоодогу жоопкерчилик үй-бүлөгө ыйгарылган. Мамлекет коомдогу социалдык мамилелердин жана ар тараптан өнүккөн жаңы муунду тарбиялоо максатында үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелердин (тилекке каршы баалуулуктары кыйроого дуушар болгон) кайра жаратуусу зарыл.
- Жогорку Кеңеш балдарды чоңдордун маданиятсыздыгынан жана зордук-зомбулугунан үй-бүлөдө, андан сырткары чөйрөдө коргогон, балдарды диний басымдан жана экстремизмден, улутчулдуктан жана этникалык карама - каршы туруудан, балдардын мектепке чейинки мекемелерин коррупциядан коргогон ата-энелердин, педагогдордун функционалдык милдеттерин тескөөгө алган мыйзамды иштеп чыгышы зарыл.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү салыктык жеңилдиктерди берүүнүн негизинде ата-мекендик бизнес-структураларга, ишкерлерге балдарды өнүктүрүүгө керектүү жана жеткиликтүү ассортименттеги оюнчуктарды өндүрүүсүн, жөнгө салуусун сунушташы керек.
- Билим берүү жана илим министрлиги дизайн жана көркөм – прикладдык искусство факультеттеринин коллективдерине улуттук баатырларды, жомок персонаждарын даңазалаган оюнчуктардын конструкциясын иштеп чыгууну сунуштасын;
- Билим берүү жана илим министрлигинин илим боюнча департаменти мектепке чейинки балдарга мазмуну кыргыз, орус жана Кыргызстандагы башка элдердин тили боюнча компьютердик программаларды жана жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча конкурс жарыялашы зарыл. Улуттук баалулуктарды пропагандалаган, улуттук оюндардын түрлөрүн, спорттук мелдештерди жана өлкөдөгү элдердин жомоктордун компьютердик программаларын киргизүү.
- Кыргыз билим берүү академиясы мектепке чейинки балдар мекемелеринде окуу-тарбиялык процесстерди камсыз кылуучу, Кыргызстандык коомдун социалдык менталитетине багытталган ой

жүгүртүү менен көндүмдөрдү калыптандырган, программалардын мазмундарын балдарды курчаган чыныгы коомдук чөйрөгө жакындаштыруу менен гуманистик багыттулуктагы мазмунун камсыздоо үчүн инновациялык дидактикалык материалдарды иштеп чыгышы зарыл.

Балдар - мамлекетибиздин келечеги. Кыргызстанда күчтүү муундун пайдубалын түптөө бул мамлекеттин кечиктирилгис көрө турган иш-чарасы болууга тийиш. Мектепке чейинки билим берүүгө мамлекеттин, жергиликтүү бийлик органдарынын жана өкүлдөрүнүн, жамааттардын, жеке ишкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү жана ар тараптуу колдоосун арттыруу бул мезгил талабы.

**Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары автордун төмөнкү макалаларында жарыяланган:**

1. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүнүн түптөлүшү [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы (Вестник). - Бишкек, 2013. - № 3 Чыгарылыш. -123 – 125-беттер.
2. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарынан кийинки Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүшү [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // Известия ВУЗов Кыргызстана. -Бишкек, 2016.- №3 Чыгарылыш. -88–90-беттер.
3. Дошкольное воспитание Кыргызстана в годы Великой Отечественной войны [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы (Вестник). - Бишкек, 2014. - Вып. №4. -С.21-24.
4. Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү тармагынын азыркы абалы [Текст] Айтымбет кызы Айгүл. // Наука новые технологии и инновации Кыргызстана. -Бишкек, 2016. - № 3 Чыгарылыш. – 124 – 127-беттер.
5. Негосударственное дошкольное образование как потребность социокультурного развития общества [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // Проблемы современной науки и образования. - Москва, 2016. - Вып № 7 (49),- С.81-85.
6. Нормативно-правовая основа дошкольного образования Кыргызской Республики [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // Проблемы современной науки и образования. - Москва, 2016. -Вып № 7 (49), -С.76-81
7. Социализация детей дошкольного возраста в советское время [Текст] Айтымбет кызы Айгүл // Проблемы современной науки и образования. - Москва, 2017. - Вып № 10 (92), - С.46-50.

**Айтымбет кызы Айгүлдүн «Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүүнүн абалы жана келечеги (1985-2016-жж.)» темасында 07. 00.02 -Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** мамлекет, коом, тарых, мектепке чейинки билим берүү, система, бала бакча, тарбия, мекеме, социалдык, экономикалык, уюм.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасы.

**Изилдөөнүн предмети** – Кыргызстанда өткөөл мезгилдеги (1985-2016-жж.) мектепке чейинки билим берүү системасынын өнүгүү жараяндары.

**Диссертациялык иштин максаты** Кыргызстанда мектепке чейинки тарбиялоо жана билим берүү системасын изилдөө, анын өткөөл мезгилдеги негизги тенденцияларын, көйгөйлөрүн жана өнүгүү келечегин аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи катарында** изилдөө методдорунун комплекси колдонулду: илимий монографияларды, мезгилдүү басма сөз материалдарын, булактарды жана архивдик булактарды изилдөө жана теориялык жактан талдоого алуу; фактылык материалдарды системалаштыруу жана жалпылоо ыкмасы; ар кайсы тарыхый этаптардагы мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүү; мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин өнүгүүсүнө таасирин тийгизген социалдык-экономикалык, этномаданий жана башка факторлорду ырааттуу көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Диссертациялык иштин жаңылыгы** белгиленген хронологиялык алкакта тарыхый, социомаданий көз караштан талдоого жана Кыргызстандагы анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө аракет жасалды. Советтик жана постсоветтик мезгилдердеги мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүү көйгөйлөрүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү, изилдөөчүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө белгисиз болгон архивдик жана публицистикалык материалдар илимий айлампага киргизилди. Изилденип жаткан билим берүү чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөр, тенденциялары ачылып көрсөтүлдү, аны модернизациялоонун негизги факторлору аныкталды жана негизделди.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар.** Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий иштеги фактологиялык маалыматтар, тыянактар жана сунуштар төмөнкү учурларда пайдаланылышы мүмкүн: үзгүлтүксүз билим берүү тутуму боюнча илимий эмгектерди түзүүдө, окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда жана окуу жайларда сабактарды окутуу тажрыйбасында; мектепке чейинки билим берүү көйгөйлөрү менен алектенген билим берүү мекемелеринин, өкмөттүк эмес уюмдардын тажрыйбалык ишмердигинде колдонсо болот.




# РЕЗЮМЕ

**диссертации Айтымбет кызы Айгул на тему: «Состояние и перспективы дошкольного образования в Кыргызстане (1985-2016-гг.)», представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности: 07. 00.02 – Отечественная история.**

**Ключевые слова:** государство, общество, история, дошкольное образование, система, детский сад, воспитание, учреждение, социальное, экономическое, организация.

**Объектом исследования** является дошкольная система образования в Кыргызстане.

**Предметом исследования** являются процессы развития системы дошкольного образования Кыргызстана в переходный период (1985-2016 гг.)

**Цель диссертационной работы** заключается в исследовании системы дошкольного воспитания и образования, определении основных тенденций, проблем и перспективы развития в переходный период.

**Методологическую основу исследования** составили комплекс методов исследования, научные монографии, материалы средств массовой информации; теоретический анализ источников и архивных источников; методом обобщения систематизированы фактологические материалы; сравнительно-сопоставительный анализ различных исторических этапов развития дошкольного образования; системно показано влияние социально-экономических, этно-культурных и других факторов на развитие дошкольных образовательных учреждений.

**Научная новизна диссертации:** Определены особенности выбранной хронологии с исторической, социокультурной точек зрения и дана характеристика особенностей его развития в Кыргызстане. Проведен сравнительный анализ проблемы развития дошкольного образования в Советский и постсоветский периоды, в научный оборот введены неизвестные научному кругу архивные и публистические материалы. Определены основные проблемы исследуемой сферы образования, отмечены и обоснованы тенденции  и основные факторы его модернизации.

**Практическое значение работы.** Результаты исследования, фактологическая информация в научной работе, выводы и рекомендации могут быть использованы: в создании системы научных работ по системе непрерывного образования, в разработке учебно-методических материалов, а также в практике преподавания в учебных заведениях; в практической деятельности учебными заведениями, неправительственными организациями, которые занимаются проблемами дошкольного образования.

# SUMMARY

## thesis on competition of a scientific degree of the Candidate of Historical Sciences in 07. 00.02 - National history. Aitymbet kyzy Aygul State and main tendencies of preschool education development in Kyrgyzstan (1985-2016)

**Key words:** state, society, history, preschool education, system, education, institution, social, economic, organization.

**The object** of the study is the pre-school education system in Kyrgyzstan.

**The subject** of the research is the development of the preschool education system in Kyrgyzstan in the transition period (1985-2016)

**The purpose** of the research is to study of the preschool education and education system, to determine the main tendencies, problems and prospects of development in the transition period.

**The methodological basis** of the research is a set of research methods, scientific monographs, media materials; theoretical analysis of sources and archival sources; the factual materials are systematized by method of synthesis; comparative analysis of different historical stages of preschool education development; the influence of socio-economic, ethno-cultural and other factors on the development of preschool educational institutions is shown in systematic way

**Novelty of research.** The features of the chronology are determined from historical, socio-cultural points of view and the characteristics of its development in Kyrgyzstan are given. A comparative analysis of the problem of preschool education development in the Soviet and post-Soviet periods has been undertaken, unknown to scientific circle archival and journalistic materials have been introduced in scientific circulation. The main problems of the studied sphere of education are defined, tendencies and the main factors of its modernization are marked and proved.

**Practical significanceof research.** The results of the study, the factual information in the scientific work, conclusions and recommendations can be used: in the creation of scientific works system on the system of continuous education, in the development of teaching materials, as well as in the practice of teaching in educational institutions; in the practice of educational institutions, non-governmental organizations that deal with the problems of pre-school education.

Басуугa 13.12.2018-ж. кол коюлду
Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 1,75 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 50 экз.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com